**Карбекова А. Б., Эшиев Т. А.**

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ТҮШҮНҮГҮ, АНЫКТАМАЛАРЫ, КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**Карбекова А. Б., Эшиев Т. А.**

# ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ЗАКУПКИ: ПОНЯТИЕ, ОПРЕДЕЛЕНИЯ И ПРОБЛЕМЫ

**Karbekova A. B., Eshiev T. A.**

# PUBLIC PROCUREMENT: CONCEPT, DEFINITIONS AND PROBLEMS

**УДК 336.4:004/572.2**

***Аннотация:*** *Макалада мамлекеттик сатып алуулар түшүнүгү, аныктамалары жана көйгөйлөрү талкууга алынат. Мамлекеттик сатып алуулардын негизги чарбакер субъект жана демилгелүү субъект катышуучулары катары каралышы. Мамлекеттик сатып алуулар - бул мамлекеттик муктаждыктарды канаатандыруу үчүн бюджеттик каражаттардын эсебинен товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды сатып алуу экендиги. Мамлекеттин өлкөнүн экономикасына таасир этүүсүнүн негизги каражаттарынын бири – бул мамлекеттик тапшырыктар тутуму, түрдүү муктаждыктар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн товарларды сатып алуулар. Мамлекеттик сатып алуулар - бул мамлекеттик бюджеттин эсебинен товарларды жабдуу же кызмат көрсөтүү үчүн түзүлгөн мамлекеттик келишимдердин жыйындысы. Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун максаты мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу экендиги.*

***Негизги сөздөр:*** *Мамлекеттик сатып алуулар, чарбакер субъект, демилгелүү субъект, мамлекеттик тапшырыктар тутуму, товарларды жабдуу, кызмат көрсөтүү, мамлекеттик келишимдердин жыйындысы, сатып алуучу уюм, берүүчү.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются понятие, определения и проблемы государственных закупок. Рассмотрение государственных закупок в качестве участников основного хозяйствующего субъекта и инициативного субъекта. Государственные закупки - это закупка товаров, услуг и работ из бюджета для удовлетворения общественных потребностей. Одним из основных способов воздействия государства на экономику страны является система государственных закупок, закупка товаров для различных нужд и услуг. Государственные закупки - это совокупность государственных контрактов, заключаемых на поставку товаров или услуг за счет государственного бюджета. Целью государственных закупок является обеспечение экономии и эффективности государственных средств.*

***Ключевые слова:*** *Государственные закупки, хозяйствующий субъект, инициативный субъект, система государственных закупок, поставка товаров, услуги, комплекс государственных контрактов, закупающая организация, поставщик.*

***Abstract:*** *The article examines the concept, definitions and problems of public procurement. Consideration of public procurement as participants in the main economic entity and proactive entity. Public procurement is the purchase of goods, services and works from the budget to meet public needs. One of the main ways the state influences the country's economy is the public procurement system, the purchase of goods for various needs and services. Public procurement is a set of government contracts concluded for the supply of goods or services at the expense of the state budget. The purpose of public procurement is to ensure the economy and efficiency of public funds.*

***Keywords:*** *Government procurement, business entity, proactive entity, public procurement system, supply of goods, services, complex of government contracts, purchasing organization, supplier.*

Мамлекеттик сатып алуулар түшүнүгү, аныктамалары. Мыйзам боюнча мамлекеттик сатып алуулар – сатып алуучу уюмдун товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же бөлүгүндө каржылоо менен сатып алуусу [2]. Демек, мамлекеттик сатып алуулар – бул сатып алуучу уюмдун ушул Мыйзамда белгиленген усулдар аркылуу товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же жарым-жартылай каржылоо менен сатып алуусу [4] болуп саналат. Буга караганда мамлекеттик сатып алуулардын негизги чарбакер субъекти сатып алуучу уюм болуп саналат. Анткени мамлекеттик сатып алуулар, анын субъекти катары сатып алуучу болмоюнча берүүчү субъекттин болбостугу өзүнөн өзү түшүнүктүү. Ошентип, жогоруда аталган мамлекеттик сатып алуулардын субъекттерин шарттуу түрдө мамлекеттик сатып алуулардын негизги чарбакер субъект жана демилгелүү субъект катышуучулары деп атоого болот.

Мамлекеттик сатып алуулар - бул борборлоштурулган башкарууну жогорулатууга, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын кыскартууга, материалдык агымдарды контролдоого жана мамлекеттик мекемелердин керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган ар кандай функцияларды жана аракеттерди айкалыштыруу [3]. Мамлекеттик сатып алуулар - бул мамлекеттик муктаждыктарды канааттандыруу үчүн бюджеттик каражаттардын эсебинен товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана жумуштарды сатып алуу. Бул иш чараларга маданият, спорттук, аскердик товарлар, дары-дармек сатып алуу, автоунааларды камсыздандыруу, өнөр жай, азык-түлүк продуктылары, турак жайларды куруу, оңдоо-түзөө, мамлекеттик мекемелердин, имараттардын курулушу ж.б. кирет. Мамлекеттик сатып алуулар рыноктун дээрлик бардык чөйрөлөрүн камтыйт жана мамлекет анын сатып алуучусу катары катышат. Бирок товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу коррупцияга, бийлик органдарынын өзүм билемдигине байланыштуу болбошун камсыз кылуу үчүн мамлекеттик сатып алуулардын белгилүү бир тутумуна ылайык мыйзам аркылуу жөнгө салуу тажрыйбасы бардык өлкөлөрдө салтка айланган. Мамлекеттик сатып алуулардын ачык-айкын эреже-жоболорунун жыйындысы салык төлөөчүлөрдүн каражаттарынын мамлекеттин муктаждыктарын канааттандыруу үчүн сарпталуусун ачык-айкын кылууга мүмкүндүк берет.

Экономиканын иштешинин оптималдуу параметрлерине жетишүү жана мамлекеттин алдында турган артыкчылыктуу милдеттерди чечүү үчүн бюджет каражаттарын сарамжалдуу жана натыйжалуу сарптоону уюштуруу зарыл. Мамлекеттик сатып алуулар системасы ушул максатты жүзөгө ашырууга кызмат кылгандыктан аны өркүндөтүү мамлекеттик маанидеги милдет катары саналат. Кыргызстандын экономикасынын туруктуулугун жана бюджеттик чыгымдардын өсүшүн эске алуу менен мамлекеттик сатып алуулар системасынын натыйжалуу иштешин уюштуруу жана анын натыйжалуулугун баалоонун объективдүү тутумун түзүү барган сайын маанилүү боло баштайт. Мамлекеттик сатып алуулардын эң оптималдуу жетишкендигин бюджеттин үнөмдөлүшү, сатып алынган товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жогорку сапатын жана натыйжалуулугун камсыз кылуу менен көрүүгө болот. «Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдүн бюджетинин чыгым бөлүгүндө мамлекеттик сатып алуулар маанилүү орунду ээлегендиктен, алар экономиканы башкаруунун натыйжалуу куралы болуп саналат. Мамлекеттик келишимдер аркылуу көптөгөн мамлекеттер социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечишет, ошондой эле илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнү, жаңы технологиялар жана иштеп чыгууларды жаратууну жана ишке ашырууну камсыз кылышат. Ошондуктан, мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу проблемалары ар дайым актуалдуу жана дүйнө жүзү боюнча сатып алуулар тутумуна кызыгуу жогору бойдон калууда» [1].

Мыйзамда мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдар ушул Мыйзамдан жана мамлекеттик сатып алууларды жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардан, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат [8] деп айтылат. Демек, өлкөдөгү мамлекеттик

сатып алууларды жөнгө салууда ушул Мыйзам, тиешелүү ченемдик-укуктук актылар жана эл аралык келишимдер ченемдик-укуктук актылардын ролун аткарышат, жалпы укуктук жана экономикалык принциптерди белгилейт, тартибин жөнгө салат жана буларга таянуу менен иш жүргүзүлөт.

«Кыргыз Республикасынын экономикасынын сегменттеринин бири катары мамлекеттик сатып алуулар мамлекеттин экономикалык туруктуулугун жана коопсуздугун камсыздоочу катары зор мааниге ээ. Мамлекеттик бюджеттен мамлекеттик сатып алууларга бир жылкы бөлүнүүчү сумма ар кайсы жылдарда 20 дан 23% түзүп келет, ал эми ИДӨ үлүшүндө өлкөнүн ички дүң өндүрүшүнүн болжол менен 13-15% түзөт» [5, 272-276-бб.]. Мыйзамга ылайык мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун максаты мамлекеттик каражаттарды пайдалануунун үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыз кылуу болуп саналат. Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруунун принциптери көрсөтүлүп, бул боюнча берүүчүлөргө карата айкындык, ачыктык, мыйзамдуулук жана калыстык; сатып алууларды ишке ашыруу процессинде берүүчүлөрдүн ортосунда катышууну кеңейтүү жана атаандаштыкты өнүктүрүү; мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда берүүчүлөр (подрядчылар) үчүн тең жана адилет шарттарды түзүү белгиленген [7].

Мамлекеттик органдардын жана калктын муктаждыктарын канааттандыруу максатындагы мамлекеттик сатып алуулар кабыл алынган мыйзамдуулук нормаларына ылайык өткөрүлүүчү негизги иш чаралардан болуп саналат. Мамлекеттик органдардын жана калктын муктаждыктарын түрдүү товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр менен дайыма канааттандырып туруу зарылчылыгына карай мамлекеттик сатып алуулар коомдук жашоонун бардык чөйрөсүн камтып келет. Мамлекеттик сатып алуулар алкагында ар кандай деңгээлде: канцелярдык товарлардан, турак жай куруулардан баштап мамлекеттик азык-түлүк резервин толтурууга чейинки сатып алуулар ишке ашырылат. Мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруу тармагында укуктук мамилелер мыйзамдуулук чегинде жөнгө салынат. Аларга мамлекеттик бюджетти үнөмдөө, товардын баасына жана сапатына дал келүүсү, коррупцияга каршы туруулар кирет. Мыйзамга ылайык мамлекеттик сатып алууларды ишке ашыруу берүүчүлөргө карата ачык-айрымдуулук, мыйзамдуулук жана бейтараптуулук; сатып алууларды жүргүзүүдө берүүчүлөрдүн катышуусун кеңейтүү жана алардын ортосундагы конуренцияны өнүктүрүү; сатып алууларды жүргүзүүдө берүүчүлөр үчүн бирдей жана адилет шарттарды түзүү сыяктуу принциптерге негизденет. Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү негизги көйгөйлөр. Азыркы учурда өлкөдөгү мамлекеттик сатып алуулар механизми бир топ натыйжалуу иштегендигине карабастан бир катар көйгөйлөрү бар экендиги ырас. Алар а) маселенин адамдык факторуна негизделген субъективдүү көйгөйлөр; б) белгилүү бир экономикалык же укуктук факторлордун жагдайына мүнөздүү объективдүү көйгөйлөр. Мамлекеттик сатып алуулардын көйгөйлөрүн, анын ичинде коррупцияны ийгиликтүү жеңүү жана бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга жетишүү үчүн мамлекеттик сатып алуулардын институционалдык чөйрөсүн, мамлекеттик ресурстарды башкаруунун сапатын өркүндөтүү маанилүү. Мамлекеттик сатып алуулар мамлекет тарабынан борборлоштурулган башкарууну жогорулатууга, чыгымдардын көзөмөлсүз көбөйүшүнө жол бербөөгө, мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын кыскартууга, материалдык агымдарды башкарууга багытталган ар кандай функцияларды, алардын базар мамилелерине ылайык келген шартта аткарылышына муктаж болуп турат. Көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдүн бюджетинин чыгым бөлүгүндө мамлекеттик сатып алуулар маанилүү орунду ээлегендиктен, алар экономиканы башкаруунун натыйжалуу куралы болуп саналат. Мамлекеттик келишимдер аркылуу мамлекеттер социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечишет, ошондой эле илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнү, жаңы технологиялар жана иштеп чыгууларды жаратууну жана ишке ашырууну камсыз кылышат. Демек, мамлекеттик буюртмалар тутуму мамлекеттик муктаждыктар үчүн продуктыларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу тутуму - мамлекеттин экономикага тийгизген таасиринин таасирдүү туткасы болуп саналат. Кыргызстанда мамлекеттик сатып алууларды укуктук жөнгө салууга келсек, азыркы мезгилде товарларды жеткирүүгө, жумуштарды

аткарууга жана мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктар үчүн кызмат көрсөтүүлөргө буюрутмаларды жайгаштыруу жөнүндө мыйзамдын кабыл алынышы позитивдүү көрүнүш. Ошондой эле каралып жаткан Мыйзамга үзгүлтүксүз өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип тургандыгын эске алуу оң. «Мамлекеттик буюртмалар» жана «мамлекеттик сатып алуулар» сыяктуу түшүнүктөр түздөн-түз жана бипбирдей келет. Мамлекеттик органдар ачык атаандаштык рыногунда товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу (б.а. өткөрүп алуулар, сатып алуулар) аркылуу мамлекеттик буюртманы жайгаштырышат. Ушундай сатып алуулар мамлекеттик сатып алуулар деп аталат. Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун жүрүшүндө мамлекеттик муктаждыктар үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуш кылган белгилүү бир аткаруучулар (берүүчүлөр) аныкталат» [6].

Мыйзамда мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар - сатып алуучу уюмдардын товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө болгон, мамлекеттик каражаттардын эсебинен толук же бөлүгүндө канааттандырыла турган керектөөлөрү [2] деп айтылат. Мамлекеттин өлкөнүн экономикасына таасир этүүсүнүн негизги каражаттарынын бири – бул мамлекеттик тапшырыктар тутуму, түрдүү муктаждыктар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн товарларды сатып алуулар. Мамлекеттик сатып алуулар мамлекеттик бюджеттин бир топ сезилерлик бөлүгүн камтыйт, ошондуктан алар экономиканы башкаруунун таасирдүү каражаты болуп саналат.

Мамлекеттик башкаруу органдары сатып алуулар аркылуу мамлекеттик тапшырыктарды жайгаштырууну ишке ашырышат. Мамлекеттик сатып алуулар дегенде мамлекеттик бюджеттин эсебинен товарларды жабдуу же .кызмат көрсөтүү үчүн түзүлгөн мамлекеттик келишимдердин жыйындысы түшүнүлөт. Мамлекеттик тапшырык республикалык жана аймактык муктаждыктар үчүн өкүлчүлүктүү мамлекеттик уюм (тапшырыкчы) тарабынан башка бир берүүчү сунуш катары көрсөтүлүүсү мүмкүн. Маселен, мектептерди куруу жана ремонттоо, пенсионерлер жана ардагерлер үчүн дары-дармектерди, мамлекеттик кызматкерлер үчүн компьютердик техникаларды, ишкана-мекемелер үчүн канцелярдык товарларды сатып алуу – булардын баары мамлекеттик тапшырыктар болуп саналат. Ал эми муниципалдык тапшырык – бул өзүн өзү башкаруу органдары жана алар тарабынан өкүл болгон муниципалдык мекемелердин өздөрүнүн жергиликтүү көйгөй маселелерин чечүү үчүн товар менен жабдууга, түрдүү жумуш аткарууга жана кызмат көрсөтүүлөргө тапшырыктары. Мамлекеттик жана муниципалдык тапшырыкчылар болуп КР субъекттеринин мамлекеттик бийлигинин органдары, муниципалдык жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана Мыйзамда көрсөтүлгөн субъекттер катышат.

Мамлекеттик сатып алуучунун ыйгарым укуктары мыйзамдар, тескөөчү эреже-жоболор тарабынан аныкталат. Мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн такталган эрежелеринин топтому мамлекеттик муктаждыктар үчүн салык төлөөчүлөрдүн каражаттарын сарптоону ачык-айрым жүргүзүүгө шарт түзөт. Мамлекеттик контролдоо коррупциянын деңгээлин жана бийликтин өзүм билемдигин төмөндөтүүгө негиз болуп берет. Мамлекеттик же муниципалдык келишимдерди түзүүгө талапкерлер тапшырыктарды жайгаштыруунун катышуучулары деп аталышат. Алар юридикалык жак (түрдүү ченемдик-укуктук жана түрдүү менчик формадагы) жана жеке жак (анын ичинде жеке ишкердик) болуусу мүмкүн. Мамлекеттик сатып алуулардын жеке сатып алуулардан өзгөчөлүгү жеке өздүк эмес, салык төлөөчүнүн каражаты аркылуу ишке ашырылгандыгы. Бюджеттик акчаны үнөмдүү сарптоо - мамлекеттик сатып алуулардын башкы принциптеринин бири болуп саналат.

Адабияттар:

1. Багиев Г. Л., Асаул А. Н. Организация предпринимательской деятельности: учебное пособие // под общей ред. проф. Г. Л. Багиева. – СПб.: СПбГУЭФ, 2001. – 231 с.
2. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2015-жылдын 3-апрели № 72). 1-глава, 3-берене. (Закон Кыргызской Республики «О государственных закупках». Глава 1, статья 3. (2015, 3 апреля, № 72)).
3. Логистика государственных закупок: учебно-методическое пособие/ В. А. Галанов, О. А. Гришина, С. Р. Шибаев. - М.: ИНФРА-М, 2010.
4. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» жаңы Мыйзам: ЖӨБ органдарын эмне күтүүдө? 2015-08 17. (Новый Закон «О государственных закупках»: что ждет органов МСУ?).

5. Саякбаев Т. Д. Реинжиниринг системы государственных закупок Кыргызстана // Евразийское Научное Объединение, 2019, № 3-4 (49).
6. Энциклопедический словарь экономики и права. [Электронный ресурс]. URL: http://dic.academic.ru/dic.nsf/ruwiki/422920 (дата обращения: 14.09.2021).
7. 1-глава, 1-берене. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2015-жылдын 3-апрели № 72). (Закон Кыргызской Республики «О государственных закупках». Глава 1, статья 1. (2015, 3 апреля, № 72)).
8. 1-глава, 2-берене. «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2015-жылдын 3-апрели № 72). (Закон Кыргызской Республики «О государственных закупках». Глава 1, статья 2. (2015, 3 апреля, № 72)).